| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**АК-СУУ РАЙОНУ**<br><br>**ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН**<br>**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**<br>**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**<br>**ХАН-ТЕНИРИ** |

Хан-Тенири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1-чакырылышынын кезектеги 10- сессиясы

# Т О К Т О М

**2025-жылдын 28-август** **№ 60** **Ново-Вознесеновка айылы**

**Жыргалаң айылынын батыш тарабында №1-контурундагы запастагы жерлер категориясындагы 4,37 га жайыт жана №6 контурдагы (38-кварталдын 17-выдели) 0,3 га токой фондунун категориясындагы жер тилкелерин "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которууга (трансформациялоо) макулдук берүү жөнүндө**

Жыргалаң айылынын батыш тарабында №1-контурундагы запастагы жерлер категориясындагы 4,37 га жайыт жана Шахты токойчулугунда жайгашкан №6 контурдагы (38-кварталдын 17-выдели) 0,3 га токой фондунун категориясындагы жер тилкелерин ичүүчү суу менен камсыздоо курулмаларын куруу максатында "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которуу боюнча түзүлгөн комиссиянын корутундусунун жана жергиликтүү кенештин жер, айыл чарбасы, жайыт, курулуш, архитектура жана экология боюнча туруктуу комиссиянын корутундусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 21,28-беренелерине ылайык Хан-Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кенеши **токтом кылат :**

1. Хан-Теңири айыл аймагына караштуу Жыргалаң айылынын батыш тарабында №1-контурундагы запастагы жерлер категориясындагы 4,37 га жайыт жана Шакты токойчулугунун №6 контурдагы (38- кварталдын 17-выдели) 0,3 га токой фондусу категориясындагы жер тилкелерин ичүүчү суу менен камсыздоо курулмаларын куруу максатында "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которууга макулдук берилсин.
2. Экологиялык жана санитардык нормаларды сактоо эрежелери "Ала-Тоо резорт" мамлекеттик ишканасына милдеттендирилсин.
3. Жер тилкесин которууга байланышкан иштерди жүргүзүү Хан-Тенири айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго милдеттендирилсин.
4. Токтом ММКга жарыялансын жана басылып чыккан күнү юстиция органына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы жер, айыл чарбасы, жайыт, курулуш, архитектура жана экология боюнча туруктуу комиссияга жана токтомду аткарууга алуу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Узаков**